**Карабеков Сатыбай атындагы орто мектебинин жалпы ата-энелер жыйналышынын 2022-2023-окуу жылындагы №1 протоколу**

Күнү: «18» октябрь 2022-жыл
Катышты: 68

**Тема: «Зордук-зомбулуктарды алдын алуу боюнча маалыматтар, сунуштар жана ой пикирлер»**

**Каралуучу маселе:**

1. Зордук-зомбулуктун алдын алуу жолдорун талкуулоо
2. Камкорчулар кеңешинин отчету
3. Ар кандай иштер

**Угулду:**

**1.** 1-маселе боюнча: мектептин тарбия завучу Мырзабек кызы Айзат доклад окуп: (1-тиркеме) Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук менен кантип күрөшүү керек? жана зордук-зомбулуктун курмандыгы кимдер? деген суроолорго дал келген маалыматтар менен тааныштырды. Андан тышкары балдардын мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдү же башкалар тарабынан көрсөтүлүп жаткан кысымдар туурасында байкаган болушса мектептин соц.педагогу менен байланышып иш алып баруусу айтылды.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Жакешова Жийдегүл: «Азыркы мезгилде көпчүлүк ата-энелер балдары менен баарлашпай телефонго алаксып калган учурлар көп эле кездешет. Балдар кандай абалда жүргөнүн байкабагандар арабызда аз эмес. Ошондуктан баардык балдарыбызга тиешелүү нерселерди мугалимдерге жүктөп койбой ата-энелер өзүбүз да балдарыбызга көңүл буралык»

Сандалова Айгүл: «Азыркы балдардын кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү бир аз өзгөчө болуп жаткандыгына байланыштуу аларга кылдаттык менен мамиле жасоо керектигин да моюнга алышыбыз керек. Азыр соц.тармактар абдан өнүгүп кеткенгеби же мурда эле дүйнө ушундай беле түшүнө албайм. Телефондон алган маалыматтар да балдарга кээ бир убакта терс таасирин тийгизип жатат. Бирок ошого карабастан үйдөн ата-эне, мектептен мугалимдер жакшы тарбия берсе жакшы инсан чыгат деген ишеничтемин»

**Чечим:**

1. Ата-энелер окуучунун мүнөзүндөгү өзгөрүүнү байкаган учурда мектептин соц.педогогу менен биргеликте иш алып барсын.

2. Зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча ата-энелер менен биргеликте класс жетекчилер өз учурунда иш алып баруу милдеттендирилсин.

**Угулду:**

**2.** 2-маселе боюнча: мектеп администрациясы менен ата-энелер комитетинин төрайымы маалымат берди: (2-тиркеме) 2021-2022-окуу жылында жалпы ата-энелер чогулушунда баардык ата-энелердин макулдугу менен камкорчулар кеңеши ишке кирип, ар бир класс жетекчиге 200сомдон ар бир окуучу үчүн төлөнгөн. Жалпы мектеп боюнча чогулган акча каражаты мектепти ондоп түзөө иштерине коротулган. Мектеп администрациясы менен ата-энелер комитетинин төрайымы тарабынан ата-энелерге быйылкы 2022-2023-окуу жылында фондду каржылоонун суммасын 350 сом кылуу сунушталды.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Айрыгомова Чынаркүл: «Мен негизи бул фондго түз көз караштамын. Мектеп үчүн бир жылда бир жолу акча берип коюу менен балдарыбыздын келечегине бир аз болсо да салым кошуп жатабыз деп ойлойм жана сунушуңуздарды колдойм»

Малабаева Шахрзада: «Мектеп үчүн чогултулган акча каражатын мектептин кызыкчылыгына жумшап, балдарыбыз үчүн аракеттенип жүргөн мектеп жамаатына өзүмдүн атыман ыраазычылык билдирем жана сунушуңуздарга макулмун»

**Чечим:**

1. 2022-2023-окуу жылында ар бир окуучу үчүн 350 сом фондго төлөнсүн.
2. Камкорчулар кеңешинен чогулган каражат мектептин кызыкчылыгы үчүн гана жумшалсын. Каражаттын колдонулушу боюнча жалпы ата-энелерге жылдык жыйынтык отчет берилип турсун.
3. Камкорчулар кеңешинен түшкөн каражатты чогултуу ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.

**Угулду:**

2. 3-маселе боюнча: мектептин окуу завучу Адылбек кызы Элнура электрондук күндөлүк боюнча ата-энелерге маалымат берип суроолор болсо жооп берүүгө даяр экендигин билдирди.
   Директордун орун басары Мырзабек кызы Айзат 2022-2023-окуу жылында окуучулардын сабактан себепсиз калбоосу жана мектеп формасы менен келүүсү жөнүндө түшүндүрмө берди.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Артышева Кенжекан: «Электрондук күндөлүк жакшы эле экен үйгө кайсы тапшырманы бергенин да ошол жерден көрүп алсак болот экен»

Турсунбаева Гүлнур: «Ооба электрондук күндөлүк ишке киргени балдарыбызды себепсиз сабактан алып калбаганга аракет кылып жатабыз»

Токтогулова Гулнур: «Балдарыбызды мектеп формасы менен камсыз кылганбыз жана форма менен мектепке келип жатышат»

**Чечим:**

1. Электрондук күндөлүккө окуучулардын өздүктөрүн тактоо мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Адылбек кызы Элнурага милдетендирилсин.

2. Электрондук күндөлүккө кирип балдардын жетишкендиктерин карап туруу ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.

3. Ар бир окуучуну мектептин талабына ылайык келген мектеп формасы менен камсыз кылуу ар ата-энеге милдеттендирилсин.